**БАТКЕН ОБЛУСУНУН КАДАМЖАЙ РАЙОНДУК ПРОКУРАТУРАСЫ**

**ПРОКУРАТУРА КАДАМЖАЙСКОГО РАЙОНА БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ**

720200, Кадамжай району, Кадамжай ш. Орозбеков көч.90, тел.(03655) 5-08-76, факс: +996(03655) 5-02-17, e-mail:prok_kadamjay@mail.ru

720200, Кадамжайский район, г. Кадамжай, ул.Орозбекова 90 тел.(03655) 5-08-76, факс: +996(03655) 5-02-17, e-mail: prok_kadamjay@mail.ru

28.04.24 №11/136-24

Баткен облусунун
прокурорунун орун басары
**Ж.А. Жолдошевге**

**М А А Л Ы М А Т**

2024-жылдын 28-апрелинде Кадамжай райондук ИИБнө, Кадамжай районунун Ак-Турпак айыл аймагынын №8143 шайлоо участкасынан Баткен облусунун №2 шайлоо округунан бир мандаттуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатыгына талапкер А.Мадалиевдин байкоочусу А.Кулматов, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине талапкер Б.Калбаев үгүттөөчүлөрү шайлоочуларды автоунаада ташып жаткандыгын билдирген.

Аталган маалымат Кадамжай райондук ИИБнүн МЭЖне 2024-жылдын 28-апрелинде 02-048-2024-001148 саны менен катталып, текшерүү иштери башталды.

Текшерүүнүн жүрүшүндө, Кадамжай районунун Молдо-Нияз айыл аймагынын Кыргыз-Кыштак айылында жайгашкан №8143 шайлоо участкасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.Мадалиевдин байкоочусу А.Кулматов өзүнүн уюлдук телефонуна кызыл түстөгү "Деу-Матиз" үлгүсүндөгү мамлекеттик белгиси 03KG 759 AJI сандуу автоунаада ошол эле айылдын тургундары А.Эргешов жана Б.Эргешова аттуу шайлоочуларды шайлоо учаскасына добуш берүү үчүн алып келген учурду видеого тартып алган.

Ал эми ар тараптуу жана толук текшерүү үчүн Кадамжай районунун Кыргыз-Кыштак айылынын тургундары кызыл түстөгү "Деу-Матиз" үлгүсүндөгү мамлекеттик белгиси 03KG 759AJI сандуу автоунаасынын айдоочусу 08.01.1989-жылы туулган Тойчиев Бекболот Базарбаевич, Эргешов Акбарали, Эргешова Бусара жана Матраимов Шайлоо Араповичтер аныкталып, сурак берүү үчүн тергөө кызматына камсыздалып, аларды окуя боюнча сурак кылган убакта А.Эргешов 2024-жылдын 28-апрель куну 08.00 чамасында шайлоо учаскасына биринчилерден болуп шайлоого барып катышып келип, аялы Эргешова Бусара кант диабети менен ооругандыктан туштон кийин аны да шайлоого алып баруу максатында жолго чыгып бара жатышкан убакта, жолдон кызыл түстөгү "ДеуМатиз" үлгүсүндөгү мамлекеттик белгиси 03KG759AJI сандуу автоунаасынын айдоочусу 08.01.1989-жылы туулган Тойчиев Бекболот Базарбаевич келип калып, аны токтотушуп, ошол шайлоо учаскасына чейин алып алуусун суранышканын билдиришкен. Ушундай эле корсотмону кызыл түстөгү "Деу-Матиз" үлгүсүндөгү мамлекеттик белгиси 03KG759AJI сандуу автоунаасынын айдоочусу 08.01.1989- жылы туулган Тойчиев Бекболот Базарбаевич да тастыктаган.

Тергөөнүн жыйынтыгында аталган факты боюнча башталган сотко чейинки өндүрүштүн материалдарына карап көрүп, далилдерге баа берүү менен жогоруда

аталган фактыда мыйзам бузуучулук аныкталбагандыктан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п. негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынып, райондук прокуратура тарабынан, 02-048-2024-001148 сандуу материал көзөмөл ирэтинде окулуп чыгып, мыйзамдуу жана негиздүү чечим кабыл алынгандыктан, тактама түзүлгөн.

Кадамжай районунун прокурору **А.Имангазиев**